## Мамлекеттик казына векселдер рыногу

*(2016-жылдын август айы)*

**1-график. МКВга карата суроо-талап жана аны жайгаштыруу**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде баштапкы рынокто Финансы министрлигинин казына векселдерин жайгаштыруу боюнча төрт аукцион жана бир кошумча жайгаштыруу ишке ашырылган. Аукциондордо МКВнын жарыяланган эмиссиясынн жалпы көлөмү ай ичинде 38,6 пайызга төмөндөө менен 350,0 млн сомду түзгөн.

Суроо-талап көлөмү ай ичинде 47,9 пайызга төмөндөө менен 1,1 млрд сомду түзгөн. Мында, жүгүртүү мөөнөтү 3 айлык МКВны сатуу 60,0 пайызга, 40,0 млн сомго чейин; 6 айлык векселдерди сатуу – 33,3 пайызга, 100,0 млн сомго чейин; 6 айлык МКВны сатуу – 20,0 пайызга, 360,0 млн сомго чейин төмөндөгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде МКВнын бардык түрлөрү боюнча орточо алынган кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү 5,7 пайызды түзгөн (-2,1 пайыздык пункт). Мында, жүгүртүү мөөнөтү 3 айлык кирешелүүлүк 2,2 пайыз (-0,5 пайыздык пункт), 6 айлык – 3,8 пайыз (-2,6 пайыздык пункт жана 12 айлык – 7,2 пайыз (-2,9 пайыздык пункт) чегинде катталган.

**2-график. МКВ боюнча суроо-талап, сатуу жана кирешелүүлүк көлөмүнүн динамикасы**




Бюджет тартыштыгын таза каржылоо көлөмү кароого алынып жаткан мезгил ичинде 132,2 млн сом өлчөмүндө түптөлгөн (+2,7 пайыз). Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Финансы министрлиги тарабынан 389,3 млн сом суммасына мурда эмитирленген МКВнын ордун жабуу жүргүзүлгөн (-25,6 пайыз).

**3-график. МКВны сатуу көлөмүнүн динамикасы**




Жыл башына карата ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда кароого алынып жаткан ай ичинде жүгүртүүдөгү МКВнын көлөмү 5,0 млрд сомго чейин көбөйгөн (+47,7 пайыз): МКВнын негизги ээлик кылуучулары – коммерциялык банктардын үлүшү 6,6 пайыздык пунктка, 61,0 пайызга чейин көбөйгөн. Институционалдык инвесторлордун салыштырма салмагы 38,2 пайызды (-7,0 пайыздык пункт), юридикалык жактар-резиденттердин салыштырма салмагы – 0,8 пайызды түзгөн (+0,4 пайыздык пункт).

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рынокто МКВ менен операциялар ишке ашырылган эмес.

**1-таблица. МКВ орточо айлык кирешелүүлүгүнүн динамикасы**

*пайыздар*

| Мезгил аралагы | Орточо салмактанып алынган | Мөөнөттүүлүктүн түрү боюнча | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 ай МКВ | 6 ай МКВ | 12 ай МКВ |
| Август' 2015 | 12,9 | - | 12,0 | 13,1 |
| Сентябрь | 12,9 | - | 12,2 | 13,2 |
| Октябрь | 12,8 | - | 12,4 | 13,6 |
| Ноябрь | 13,4 | 11,5 | 12,7 | 13,6 |
| Декабрь | 13,5 | - | 13,2 | 13,7 |
| Январь'2016 | 14,7 | - | 14,0 | 15,2 |
| Февраль | 15,9 | 5,0 | - | 16,3 |
| Март | 14,2 | 5,7 | 12,5 | 15,1 |
| Апрель | 10,7 | 4,3 | 10,7 | 13,7 |
| Май | 12,3 | - | 10,4 | 13,6 |
| Июнь | 10,1 | 3,2 | 9,2 | 12,3 |
| Июль | 7,8 | 2,7 | 6,4 | 10,1 |
| Август | 5,7 | 2,2 | 3,8 | 7,2 |

*"-" жарыяланган аукциондордун баары өткөрүлбөгөн катары таанылды*

**2-таблица. Номиналдык нарк боюнча МКВга ээлик кылуучулардын түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ком. банктар | | Институцион. инвесторлор | | Жеке адамдар - резиденттер | | Юридикалык жактар - резиденттер | |
| | | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак |
| 01.09.2015 | 3 925 210,0 | 2 087 081,8 | 53,2% | 1 804 663,2 | 46,0% | 0,0 | 0,0% | 33 465,0 | 0,9% |
| 01.10.2015 | 3 893 960,0 | 2 032 681,8 | 52,2% | 1 827 363,2 | 46,9% | 0,0 | 0,0% | 33 915,0 | 0,9% |
| 01.11.2015 | 3 789 040,0 | 1 956 331,8 | 51,6% | 1 798 793,2 | 47,5% | 0,0 | 0,0% | 33 915,0 | 0,9% |
| 01.12.2015 | 3 514 990,0 | 1 899 330,4 | 54,0% | 1 582 794,6 | 45,0% | 0,0 | 0,0% | 32 865,0 | 0,9% |
| 01.01.2016 | 3 353 030,0 | 1 825 700,7 | 54,4% | 1 513 964,3 | 45,2% | 0,0 | 0,0% | 13 365,0 | 0,4% |
| 01.02.2016 | 3 188 300,0 | 1 692 770,7 | 53,1% | 1 482 164,3 | 46,5% | 0,0 | 0,0% | 13 365,0 | 0,4% |
| 01.03.2016 | 3 142 570,0 | 1 685 144,1 | 53,6% | 1 444 910,9 | 46,0% | 0,0 | 0,0% | 12 515,0 | 0,4% |
| 01.04.2016 | 3 504 320,0 | 2 087 444,1 | 59,6% | 1 404 360,9 | 40,1% | 0,0 | 0,0% | 12 515,0 | 0,4% |
| 01.05.2016 | 3 912 250,0 | 2 417 635,4 | 61,8% | 1 479 554,6 | 37,8% | 0,0 | 0,0% | 15 060,0 | 0,4% |
| 01.06.2016 | 4 546 050,0 | 2 691 604,4 | 59,2% | 1 839 585,6 | 40,5% | 0,0 | 0,0% | 14 860,0 | 0,3% |
| 01.07.2016 | 4 669 410,0 | 2 730 525,0 | 58,5% | 1 914 675,0 | 41,0% | 0,0 | 0,0% | 24 210,0 | 0,5% |
| 01.08.2016 | 4 841 910,0 | 2 966 745,4 | 61,3% | 1 849 194,6 | 38,2% | 0,0 | 0,0% | 25 970,0 | 0,5% |
| 01.09.2016 | 4 950 910,0 | 3 018 660,4 | 61,0% | 1 891 879,6 | 38,2% | 0,0 | 0,0% | 40 370,0 | 0,8% |